Балама

Сөзү,обону: Борошов Алтынбек

Кечиргиле мени кечиргиле

Кечигип мен чыгарган чечимиме

Жетим деген жаман ат жабыштырып

Кең дүйнөнү тар кылып бергениме.

А балким сагынычтар кыйнап жүрөт

А балким тарынычтар ыйлап жүрөк

А балким ата ордум билинбестен

А балким жолду карап күндө күтөт

Айткандыр мен жөнүндө түрдүү кепти

Коргонуп ал өзүнө курду чепти

Жүрөт деп сулуулардан сулуу таптап

Атаңар көчө таптап ичип кетти.

Жок жалган баары жалган ал сөздөрдүн.

Жашадым сабыр менен силер үчүн

Чыдамым түгөнгөндөй күчүп кетип

Башка жол тандап алдым өзүм үчүн.

Канча ирет тердим чалбадым бирок силерге

Токтотуп калат мендеги болгон таарыныч.

Чоңоё берсин бойлору өсүп калыптыр,

Көзүнөн көрдүм кусалык менен сагыныч